| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**<br>**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын**

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын 27-январы №2** **Айдаркен шаары**

**Айдаркен шаарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык кызматчыларынын кызматтык маяналарына 25% үстөк кошуп төлөп берүүнү бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 жарлыгына ылайык, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү” Жарлыгынын 4-бөлүгүн жетекчиликке алып, “Бюджет, экономика, каржы жана фискалдык саясат маселелери” боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Айдаркен шаардык кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Айдаркен шаарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык кызматчыларынын кызматтык маяналарына 25% үстөк төлөм кошуп төлөп берүүгө мыйзам чегинде макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы шаар мэри Б.Бегалиевге жүктөлсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө киргизилсин.

4. Токтомду расмий жарыялоо жана Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы жооптуу катчы Г.Амирбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А.Алтымышова**